
12-бет

# ЧОҢ ЖОГОТУУ

*PhD., профессор Йенер Өзен ата-бабалардын жеринде акыркы сапарга узатылды. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетининин педагогика бөлүмүнүн PhD., профессору Йенер Өзен 2025-жылдын 10-февралында Бишкек шаарында мезгилсиз дүйнөдөн кайтты.*


КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ

# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ | ЯНВАРЬ-ФЕВРАЛЬ'24 / №98-САН | WWW.MANAS.EDU.KG



3-бет

## PhD., профессор Алпаслан Жейлан “Жылдын мыкты ректору” деп табылды

# “УЛУТ БОЛСОМ - ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН”



**2025-жылдын 19-февралында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин филология бөлүмү тарабынан уюштурулган эл аралык эне тил күнүнө арналган “Улут болсом – тилим менен улутмун” аттуу иш-чара болуп өттү.**


10-бет

## Жаңы тамактануучу жай ишке берилди

*Кыргыз-Түрк “Манас” университети студенттерге багытталган мамилесин бекемдөөнү жана алардын муктаждыктарын камсыз кылууну улантууда.*


20-бет

## Түрк дүйнөсүнүн чолпон жылдызы — “Манас” университети медиа сыйлыктарына ээ болду

*“Айдын Доган” фонду жана Түркиянын Журналисттер коомунун кызматташуусу менен 34-ирет өткөрүлүп жаткан “Жаш медиа өкүлдөрү” аттуу конкурстун жеңүүчүлөрү аныкталды.*


22-бет

## Москваны багынткан баткендик скульптор

*“Өткөндөр даңкталмайын, тирүүлөр баркталбайт” деген сөз бар эмеспи. Каарманыбыз Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө салым кошкон, эмгеги сиңген инсандардын...*

# “Улут болсом - тилим менен улутмун”

MANAS TV

*2025-жылдын 19-февралында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин филология бөлүму тарабынан уюштурулган эл аралык эне тил күнүнө арналган “Улут болсом – тилим менен улутмун” аттуу иш-чара болуп өттү.*

Филология бөлүмүнүн башчысы, PhD., профессор Бурул Сагынбаева иш-чаранын ачылышында сүйлөгөн сөзүндө эл аралык эне тил күнү ЮНЕСКОнун чечими менен жыл сайын белгиленип келе жатканын баса белгилеп, “Манас” университети заманбап тил үйрөнүү ыкмаларын натыйжалуу колдонорун айтты. PhD., профессор Сагынбаева тил үйрөтүү боюнча алдыңкы орунда турган КТМУну башка университеттер менен салыштырганда заманбап тилдерди окутууда дагы сап башында турганын белгиледи. Ошондой эле филология бөлүму студенттер үчүн дүйнөгө чыгуу, ар түрдүү маданияттарды үйрөнүү жана бул маданий мурастарды өз коомуна ылайыкташтыруу сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдү берерин билдирди.


Иш-чарадан үзүндү

Иш-чаранын жүрүшүндө гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн ага окутуучусу, PhD., профессор Незахат Жейлан эне тилдин маанисине көңүл буруп, кыргыз тилине наристедей кылдаттык менен кам көрүп, коргоо керектигин билдирди.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин филология бөлүмүнүн студенттери кыргыз, түрк, орус, англис, кытай, немис, казак, перс, өзбек жана француз тилдеринде эл аралык эне тил күнүн куттуктап, иш-чаранын катышуучуларына ысык саламдарын жолдошту. Комуздун коштоосунда “Маш ботой” күүсүн сахнада теңдешсиз аткарган студенттер угармандарга маданий азык тартуулашты.

Англис тили жана адабияты программасынын студенттери “Курманжан Датка” аттуу поэманын бир бөлүгүн жандандырып, көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк табышты. Сахнага чогулган студенттер кыргыз, түрк, англис, орус жана кытай тилдеринде ыр ырдашып, тилдердин универсалдуу күчүн жана маанилүүлүгүн белгилешип, эл аралык эне тил күнүн унутулгус шаңга жана мааниге ээ кылышты.

Биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев иш-чаранын аягында сүйлөгөн сөзүндө тилдин терең маңызы жана маанисине көңүл буруп, ар бир адам өз эне тилин билүүсү, сүйлөөсү, өнүктүрүүсү жана сактоосу керек экенин баса белгиледи. Кыргыз элинин улуу жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун “Ар бир адамдын бир гана тили бар, ал – эне сүтү менен берилген тил”, – деген сөзүн эске салган саясий и.к., доцент А. Ибраев тил үйрөнүү адамдарга жаңы горизонторду ачарын жана көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берерин айтты. Сөзүнүн аягында кыргыздын чыгаан акындарынын бири Эсенгул Ибраевдин “Улут болсом – тилим менен улутмун” аттуу поэмасынан үзүндү окуп, студенттерге аны окууну сунуштады.











# PhD., профессор Алпаслан Жейлан “Жылдын мыкты ректору” деп табылды


PhD., профессор Алпаслан Жейлан “Жылдын мыкты ректору” номинациясынын жеңүүчүсү

“Кыргыз Туусу” басма үйүнүн 100 жылдыгына карата уюштурулган “Жыл мыктылары” конкурсунун “Жылдын мыкты ректору” номинациясынын жеңүүчүсү болуп, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан табылды.

Аталган номинация PhD., профессор Алпаслан Жейланга эки элдин ортосундагы достукту чыңдоого кошкон салымы жана билим берүү тармагындагы жигердүү эмгеги үчүн ыйгарылып, “Жылдын мыкты ректору” диплому жана “Жылдын мыктысы” медалы менен сыйланды.

# Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен “Манас” университетине ыраазычылык кат

Кыргыз-Түрк “Манас” университети 2025-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ыраазычылык каты менен сыйланды.

Ыраазычылык каты 2025-жылга карата Азиянын мыкты университеттеринин рейтингинде көрсөтүлгөндүгү жана ишиндеги жетишкен жыйынтыктары үчүн “Манас” университетине тапшырылды.

Белгилей кетсек, үч жыл катары менен QS рейтингинде дүйнөдөгү алдыңкы миң окуу жайдын катарына кирген Кыргыз-Түрк “Манас” университети 2025-жылкы QS Азия рейтингинде 230-орунга, QS Борбордук Азия рейтингинде 10-орунга көтөрүлдү. Мындан тышкары, окуу жайыбыз QS Туруктуулук рейтингинде Кыргызстандагы алдыңкы окуу жай деп таанылуу менен академиялык жана туруктуулук тармактарындагы жетишкендиктерин эл аралык деңгээлде далилдеди.


ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ

# “Business Türk” журналы “Манасты” таанытты

*Түрк дүйнөсүнүн бизнес, экономика жана башкаруу боюнча журналынын Кыргызстанга арналган атайын санында КТМУ ректорунун окуу жайдын ишмердүүлүгү тууралуу макаласы жарык көрдү.*



Бул жылы Кыргызстандын, Түрк мамлекеттер уюмуна төрагалык кылуу мөөнөтү жарыяланган. Буга байланыштуу “Business Türk” журналынын 2025-жылдагы алгачкы атайын Кыргызстанга арналган чыгарылышында, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин түзүлүшү, башкаруусу, окутуу тили, факультеттери , интеллектуалдык капиталы, студенттери, бүтүрүүчүлөрү, инфраструктурасы жана эл аралык жетишкендиктери тууралуу окуу жайдын ректору, профессор Алпаслан Жейлан кенен маалымат берди.

Ректор профессор А. Жейлан, XXI кылым “Түрк дүйнөсүнүн доору” болушуна салым кошкон, Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы чоң жана маанилүүү долбоор болуп, Түрк дүйнөсүнүн жаштарынын билим уясына айланган “Манас” университети замандын талабына ылайык иш алып барып, Түрк дүйнөсүнүн биримдигине кызмат кыла турган, илимпоз, учурдун талабына жооп берген, көрөгөчтүк менен ааламдашуу алкагында атаандаштыкка ат салыша алган мекенчил, ар тараптуу кесипкөй дасыккан адистерди даярдоого аракет кылабыз”, - деди.

Журналдын атайын санында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы Сүйүнтбек Касмамбетовдун “Улуу Байтерек: Түрк дүйнөсү – чоң чынардын тамыры терең бутактары” аттуу баш макаласы жазылып, журнал кыргыз жана түрк тилдеринде жарык көргөн.

“Business Türk” журналынын Кыргызстанга арналган атайын саны, мамлекеттик жетекчилерге, ишкерлерге, медиа мекемелерине жана ошондой эле университеттерге таратылды.







# Биринчи проректор А. Ибраев Эл аралык илимий конференцияга катышты

*2025-жылдын 13-февралда Мифтахетдин Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин базасында Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларынын ректорлорунун Эл аралык илимий конференциясы өттү. Ага Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, боордош мамлекеттердин ири университеттеринин жана Россиянын алдыңкы педагогикалык жогорку окуу жайларынын жетекчилери катышты.*

Конференция аталган окуу жайдын институттарынын жана факульттеринин инфраструктурасы менен таанышуу, билим берүү жана илимий мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат алуу менен башталды. Катышуучулар аудиторияларды, лабораторияларды жана устаканаларды кызыгуу менен кыдырып, профессордук-окутуучулук курам менен баарлашышты.

Илимий иш-чарада биргелешкен билим берүү долбоорлорун Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинин базасында гана эмес, о башка россиялык педагогикалык окуу жайларды да тартуу менен ишке ашыруу пландары талкууланды.

Синергетикалык эффект коюлган тапшырмаларды эффективдүү жол менен чечүүгө мүмкүнчүлүк берерин белгилеген биринчи проректор А. Ибраев буларга токтолду: "Биздин күч-аракеттерди бириктирип, адамдык жана гуманитардык байланыштарды бекемдөө менен билим берүү багытындагы долбоорлорду гана ишке ашырып тим болбостон, ошол эле учурда дүйнөнү жакшы жакка өзгөртө алаарыбызга ишенем."

Мындан тышкары, эки тарапты тең кызыкдар кылган студенттер жана окутуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүк маселеси да каралды. Кыргызстандын окуу жайларынын жетекчилери Россия университеттери менен биргелешкен билим берүү долбоорлорун ишке ашыруунун маанилүүлүгүн белгилеп, рейтингдерди жогорулатуунун үстүнөн иштей тургандыктарын кошумчалашты.

Иш сапардын жүрүшүндө Кыргызстандан келген ректорлор Акмулла университетинде билим алып жаткан мекендештер менен жолугушушту. Студенттер аларга концерттик программа тартуулап, студенттик долбоорлор тууралуу айтып беришти.



# Өзгөчө кырдаалдар министри ректор менен жолугушту

*2025-жылдын 13-январында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажыкеев "Манас" университетинде ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен жолугушту. Ага биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков да катышты.*

Жолугушуунун жүрүшүндө министрлик менен окуу жайдын ортосундагы өз ара кызматташтык жана орток долбоорлорду ишке ашыруу маселеси талкууланды. Эки мекеменин потенциалдуу кызматташтыгы боюнча жасала турган конкреттүү кадамдарга баа берилди.

PhD., профессор А. Жейлан университетке болгон сапары жана кызыгуусу үчүн министр Б. Ажикеевге ыраазычылык билдирди.

Жолугушуудан кийин министр Б. Ажикеев Манас ТВда болуп, жаңыланган студияларды кыдырып, медиа инфраструктурасы боюнча кеңири маалымат алды. Б.Ажикеев өз сөзүндө КТМУнун медиа жана коммуникация тармагындагы мүмкүнчүлүктөрү чоң потенциалга ээ экенин белгиледи.



*Солдон оңго: профессор Режаи Доган, PhD., профессор Камалбек Карымшаков, PhD., профессор А. Жейлан, КР нын Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажыкеев, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев*

# ТИКА айыл чарба билимине инвестиция жасап жатат

*Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (ТИКА) Бишкектеги Программалык координациялык кеңсеси тарабынан "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин билим берүү күнөсканасына техникалык колдоо көрсөтүү" долбоорунун алкагында 12 даана жабдуу 2025-жылдын 29-январында КТМУнун айыл чарба факультетине тапшырылды.*

Жабдууларды тапшыруу аземине окуу жайдын ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев, башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ, ТИКАнын Кыргызстандагы программалык координатору Мехмет Бодур, айыл чарба факультетинин деканы, PhD., профессор Ахмет Айгүн, окутуучулар жана студенттер катышты.

**ТИКАнын колдоосу менен заманбап айыл чарба билимине салым**

Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин Кыргызстандагы программалык координатору Мехмет Бодур "Манас" телеканалына берген маегинде ТИКАнын Кыргызстандын өнүгүшүнө, өзгөчө жаштардын билими алуусуна чоң салым кошуп жатканын баса белгиледи. 2021-жылы "Манас" университети менен кызматташтыктын алкагында билим берүүнүн практикалык күнөсканасы түзүлгөнүн эске салган Бодур сөзүн мындай деп улантты: "ТИКА "Манас" университетинин билим берүү системасына жана Кыргызстандагы студенттердин өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү максатында инфраструктурасын техникалык жактан жакшыртууну уланта бермекчи."



**Кыргызстандын айыл чарбасынын келечеги үчүн инвестиция**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан айыл чарба жана мал чарбачылыгынын келечектеги маанисине көңүл буруп, "дүйнөлүк стратегияларга ылайык келечектеги жүз жылда кургакчылык жана башка экологиялык кыйынчылыктар бизди күтүп турат. Ошондуктан азык-түлүк мындан да баалуу болуп калат", - деди. PhD., профессор А. Жейлан "Манас" университетинин заманбап айыл чарба жана мал чарбачылыгы жаатында билим берип жатканын, бул тармакта жасалган иштердин жана Түркиядан көрсөтүлгөн колдоолордун окуу жайдын концепциясына чоң салым кошуп жатканын белгиледи. "ТИКАнын окуу жайыбызга күнөсканалар менен гана эмес, ошондой эле ар кандай айыл чарба шаймандары менен да колдоо көрсөтүүдө. Мындай колдоолор менен чоң ийгиликтерге жетишебиз", - деп сөзүн жыйынтыктады.

Айыл чарба факультетинин мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмүнүн башчысы, доцент Эрен Өзден жаңы берилген шаймандардын айрымдары ачык аянттарда, башкалары болсо каптап өстүрүү, күнөскана иштетүү жана айыл чарба факультетинин студенттеринин практикалык жайларында колдонуларын айтып, ТИКАга ыраазычылык билдирди.

Жабдуулар тапшырылган соң ТИКАнын Кыргызстандагы программалык координатору Мехмет Бодур жана окуу жайдын жетекчилиги айыл чарба факультетинин практикалык жайларына барып, анда жүргүзүлүп жаткан иштер менен таанышышты.

# Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларындагы актуалдуу маселелери



***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев эл аралык илимий конференциянын алкагында үстүбүздөгү жылдын 12-15-февраль күндөрү Россия Федерациясына иш сапары менен барды.***



Иш сапардын жүрүшүндө биринчи проректор "Заманбап чакырыктардын контекстинде Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларындагы актуалдуу маселери" аттуу эл аралык илимий конференциянын негизги иш-чараларына катышты.

Илимий конференция Россия Федерациясынын Билим берүү министрлигинин Улуттук билим берүү тутумун интеграциялоо жана эл аралык кызматташтык департаментинин директору Усман Рассуханов, Дагестан, Оренбург, Омск, Тула, Волгоград педагогикалык жогорку окуу жайларынын жана Кыргызстандын университеттеринин ректорлорунун катышуусунда өттү. Анда Кыргызстандын орус тилдүү мектептериндеги педагогикалык кадрлардын негизги көйгөйлөрүн аныктоо боюнча мониторинг жүргүзүү аракеттери макулдашылды. Ошондой эле эки дипломдуу билим берүүнүн багыттарын аныктоо менен студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү талкууланды.

Мындан тышкары, орус тилинде ачык билим берүү жана орус тилин окутуу боюнча борборлорду түзүү боюнча эки макулдашууга кол коюлду. Жаңы борборлор Баткен мамлекеттик университетинин базасында Кызыл-Кыяда жана Ош шаарындагы А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде түзүлмөкчү.

Эскерте кетсек, Мифтахетдин Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинде 270 кыргызстандык студент билим алууда. Аталган ЖОЖ Россия Федерациясынын Агартуу министрлиги менен биргеликте орус тилинде ачык билим берүү жана орус тилин окутуу боюнча үч борбор ачты. Учурда университеттин 40тан ашуун студенти кыргыз мектептеринде практика өтөп жатышат.



*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин проректору, университеттин Окуу-методикалык комиссиясынын төрагасы PhD., профессор Камалбек Карымшаков:*

# "АККРЕДИТАЦИЯ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЭЛЕ ЭМЕС, МЕКЕМЕНИН ИЧКИ МАДАНИЯТЫН ДАГЫ КӨРСӨТӨТ"



***Үстүбүздөгү жылдын 14-15-апрель күндөрү IAAEPO билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги тарабынан университеттин бир топ окуу программалары аккредитациядан өттү. Бул күндөрү аталган агенттиктин эксперттери университетте болуп, материалдык-техникалык база менен таанышты жана университеттин администрациясы, студенттер, мугалимдер, бүтүрүүчүлөр, иш берүүлөр жана ата-энелер менен талкууларды уюштуруп, университетке ар тараптан баа беришти. Ушуга байланыштуу аталган аккредитациялоо процесси, айтылган сунуш-пикирлер жана келечектеги пландар тууралуу КТМУ проректору, окуу-методикалык комиссиясынын төрагасы PhD.профессор Камалбек Карымшаковду сөзгө тарттык.***

***Урматтуу Камалбек агай, алгач эле бизди кабыл алып маек курганыңыз үчүн ыраазычылык билдиребиз. Жакында эле университеттеги бир топ программалар аккредитациядан өттү. Ушул процесс тууралуу сиздин жалпы баалоолоруңуз кандай өңүттө болду, айтып бере аласызбы?***

2024-жылдын сентябрь айынан баштап, 2025-жылдын апрель-май айларын кошкондо толук 10 айлык мөөнөттө аккредитация иштери өтө интенсивдүү жүрдү. Университетте жалпы 40 окуу программасы аккредитациядан өттү. Анын ичинде бакалавриат, магистратура жана PhD докторантура деңгээлиндеги программалар аккредитация процессинен өтүштү. Аккредитация мыйзам чегинде дайыма болуп турушу керек болгон процесс. КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы жана ошондой эле КР Министрлер кабинети тарабынан кабыл алынган "Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча ченемдик-укуктук актылар тууралуу" токтомунда аккредитациядан өтүүгө байланыштуу атайын белгиленген убакыт бар. Ушуга ылайык жасалган аккредитациялоо процессинде ААЕРО билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги тарабынан аталган 40 программанын бардыгы тең аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Бул тууралуу агенттик тарабынан тиешелүү сертификаттар менен тастыкталды. Бул, Университетибиздин, тиешелүү программанын жетекчилери, кызматкерлери жана административдик түзүмдөгү кызматкерлер баарыбыздын кесиптик жумушубуздун жыйынтыгы болуп эсептелет. Аккредитацияда сөзсүз түрдө өзүнүн талаптары жана критерийлери болот. Ушуга ылайык бул процессте алгач билим берүүчү мекемеде ички өзүн-өзү баалоо отчеттору даярдалат. Аталган отчеттор агенттикке жөнөтүлөт. Агенттиктин эксперттери отчеттор менен таанышкандан кийин жана жекече кароо, талкуулоо жана баалоо иш-аракеттерин өткөргөндөн кийин гана жыйынтык отчетторун даярдашат.

***Бул жылы жалпы 40 окуу программасы аккредитациядан өттү. Бул – өзгөчө көңүл бурууга арзый турган жетишкендик. Ушундай жыйынтыкка жетишүү үчүн университет тарабынан кандай даярдык иштери жүргүзүлдү?***

КР Министрлер кабинети тарабынан 2024-жылдын 15-майында кабыл алынган токтомго ылайык университетти аккредитациялоо үчүн көз-карандысыз аккредитациялоо агенттиктерине конкурс жарыяланган. Конкурстун негизинде жеңип чыккан агенттикке аккредитациядан өткөрүү боюнча ыйгарым укук берилген. Кыргыз-Түрк Манас университетинин окуу-методикалык иштерди координациялоо жана ички сапаттык текшерүүнү күчөтүү максатында Окутуучулар кеңешмесинин чечими менен ички текшерүү комиссиясы түзүлгөн. Ага ар бир программа боюнча өзүн өзү баалоо отчеттору даярдалып, ошол программанын кызматкерлери жоопкерчиликтүү түрдө катышты. Бул өтө машакаттуу, деталдуу, жана көп убакыт талап кылган жумуш болду. Ошонун негизинде бул жумуш ишке ашырылып, өзүн өзү баалоо процесси дагы толук ишке ашырылды. Андан кийин гана аккредитациялык агенттик тарабынан дайындалган эксперттик топ 14-15 апрель күндөрү баалоо үчүн келип кетишти.

***Аккредитация, негизинен, жогорку билим берүүдөгү сапатты камсыздоо системаларын баалоону көздөйт. КТМУ бул системаларды кандай түшүнөт жана аларды ишке ашырууда кандай аракеттерди көрөт?***

Аккредитациянын негизги максаты билим берүүнүн сапатын жакшыртуу болуп саналат. Себеби ар бир нерсени улам жаңылап, жакшыртып туруу керек. Бул жөн эле бир структура эмес, бул ошол мекеменин маданиятын түшүндүргөн процесс деп айтсак болот. Билим берүүнүн сапатын биз натыйжалуу кылышыбыз керек, тынымсыз дайыма жакшыртып, кесипкөйлүк, ачык айкындуулукка жетишүүбүз керек. Анан ошол эл аралык стандарттарга дагы дал келген, эл аралык билим берүү системасына интеграция болгон мекемеге айланууга жана өзүнүн атаандаштык күчүн жоготпогон, ошого багыт алган мекеме болушубуз керек. Ошондуктан биздин университетте сапаттуу башкаруу боюнча өзүнчө тиешелүү бөлүмдөрүбүз бар. Бул боюнча дайыма жумуштар алып барылат. Аккредитация дайыма тынымсыз жүрүп туруучу процесс, себеби мына 2025-жылга карата биздин көптөгөн программабыз аккредитациядан өттү. Бирок, кийинки жылдары башка программалардын мөөнөтү жакындаганда биз кайрадан аккредитацияга даярдана баштайбыз.

***Бул процессте академиялык бөлүмдөрдүн жана кызматкерлердин салымы чоң болду. Сиз алардын катышуусун жана процесске кошкон салымын кандай баалайсыз?***

Ар бир аккредитация болгондо сөзсүз түрдө жетишкендиктер жана кемчиликтер белгиленет же болбосо дагы күчтөнтө турчу башка аспектилери болот. Булардын баарын эске алуу үчүн биз ар кандай комментарийлерге да көңүл бурабыз. Мисалы кээ бир программаларды жаңыртуу, кесиптик программаларды ачуу сыяктуу сунуштамалар берилет. Университетибизде жумушчу күчү рыногунда талапка жараша окуу программаларын адаптация кылуу, өзгөртүп жаңылап дагы да эффективдүү кылып туруубуз керек. Себеби жумуш берүүчүлөрдүн талабы-дайыма өзгөрүп туруучу динамикалык нерсе,ошондуктан биз ошого дал келүүбүз керек. Экинчиден, эл аралык деңгээлде илимий изилдөө, окуучулардын алмашуу мобилдүүлүк программаларына өзгөчө көңүл бурулууда. Мисалы Эрасмус +, Орхун алмашуу программалары, ошону менен катар башка чет элдик университеттер менен эки тараптуу түзүлгөн келишимдердин негизинде орток программалар түзүлүп, анын алкагында студенттерди алмашуу же эл аралык илимий конференцияларды уюштуруу сыяктуу бир катар иштерибиз уланып келатат. Алдыда дагы күчтөндүрүүнү көздөп турабыз. Мындан сырткары академиялык кызматкерлер үчүн илимий изилдөөгө багытталган орчундуу иш-аракеттер дагы жасалууда. Алар боюнча университет тарабынан академиялык кызматкерлерди шыктандыруу максатында атайын механизмдер иштелип чыккан. Эл аралык деңгээлде индекстелген илимий журналдарда басылган илимий макалалар, жарыяланган китептер, монографиялар жана эл аралык деңгээлдеги илимий изилдөө долбоорлору атайын колдоого алынат. Кийинки жылдардан бул механизмдерди дагы да кеңейтүү, дагы да эффективдүү деңгээлге алып келүү үчүн иш-чараларды жүргүзүүнү пландаштырып жатабыз.

Андан сырткары аккредитациядан өтүү учурунда аккредитациялык кеңеш тарабынан атайын бир катар сунуштар берилди. Булар PhD диссертациялык темалар менен өлкөдөгү тармактык актуалдуу темаларды кантип байланыштырсак болот, дагы кандай актуалдуу багыттар бар деген сыяктуу сунуштар болду. Ошол эле учурда университетибиздин кыргыз тилинин өнүгүшүнө кошкон салымы жогору бааланды. Мындан ары дагы кандай салым кошо алат деген сунуштар болду. Дагы бир нерсе акыркы технологияларды колдонуу менен окуу процессинде, окутуу программаларын иштеп чыгууда, өзгөчө жасалма интеллект багытында дагы бир топ иштерди пландаштырсак болот экен деген дагы жыйынтыкка келдик.

***Университетибизде билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу, дегеле университетте билим берүүдөгү сапатты жакшыртууда дагы кандай багыттарды белгилеп кете аласыз?***

Университетибизде сапатты башкаруу жана кепилдик ыкмасы жөнүндө атайын жобо иштелип чыккан. Бул жобонун негизинде сапаттуу башкаруу боюнча атайын TSE-ISO-EN сертификатын алып келгенбиз. Сапатты башкаруу системасы боюнча дагы аудиторлордун катышуусу менен жыл сайын көзөмөл жасалып турат. Бул мекемени башкаруу сапатынын эл аралык деңгээлдеги стандарттарга ылайык келээрин көзөмөлдөгөн атайын механизм болуп саналат. Университетибиздеги кагаз жумуштарынын айлануусу, административдик персоналдарга тиешелүү курстарды дайыма уюштуруп туруу, мугалимдер жана административдик персонал тарабынан туруктуу ички контролдук комиссияларды түзүү жана алардын белгилүү бир регламенттик тартипке жооп берүүсү боюнча жасалган иштер университеттин сапатынын жогорулашына олуттуу түрдө салым кошот. Биздин университет аталган стандарттарга толугу менен жооп берет. Учурдан пайдаланып, аталган багытта иш алып барган тиешелүү административдик түзүмдөрүбүзгө терең ыраазылык билдиребиз. Себеби бул иштер университеттин административдик түзүлүшүнө дагы өзгөчө жардам берет жана жол көргөзөт. Сапатты башкаруу боюнча эл аралык стандартка жооп берүү иш-чараларынын алкагында биздин персоналдарга "Ишканадагы тобокелдиктерди башкаруу (риск менеджмент)", "Баалоо процесси кандай болушу керек?", "Сапаттуу башкаруу кандай болуш керек?" деген сыяктуу темаларда жүргүзүлгөн семинар-тренингдер өтө пайдалуу жана натыйжа берген иш-чаралар болуп саналат.

***Акырында, кошумчалай турган ойлоруңуз же билдирүүңүз болсо, угууга ынтызарбыз.***

Биздин университет дайыма билим берүүнүн, илимий изилдөөнүн сапатын жакшыртууга умтулуп келет. Аккредитация бул акыркы чек эмес, дайыма болуп туруучу иш-чара. Бул үзгүлтүксүз өнүгүүгө биз баарыбыз биримдикте умтулуубуз зарыл. Университетибиз билим берүүдө, изилдөө иштеринде жана коомго кызмат кылууда жаңы бийиктиктерди багындыра берээрине ишенем. Университетибиздеги аталган программалардын ийгиликтүү аккредитацияланышына өз салымын кошкон бардык кызматкерлерибизге, эмгек жамаатыбызга, профессордук-окутуучулук курамга жана студенттерибизге терең ыраазычылык билдиребиз. Биздин кызыктар тараптарыбыз булар, ата-энелер, жумуш берүүчүлөр, университетке ар кандай колдоо көрсөткөн мекемелер, мамлекеттик мекемелер болуп саналат. Эң негизгиси мына ушул кызыктар тараптардын талаптарына жооп берген, тынымсыз жаңыланып, өнүгүп турган билим берүү уясы болушубуз абзел. Биздин университетте иштеп жаткан кызматкерлерибиздин кужүрмөн эмгеги, зор жетишкендиктери менен ушундай ийгиликтерди жаратып жатабыз. Мындай ийгиликтер дагы да улана берээрине тилектешмин.

***Биз менен маек курганыңыз үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Мындан аркы иштериңизге ийгиликтерди каалайбыз!***

ХАФИЗА СЫДЫКОВА

# Манас ТВнын атайын коногу ректор PhD., профессор Алпаслан Жейлан


Ректор PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана Манас ТВ кызматкерлери

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору PhD., профессор Алпаслан Жейлан Манас телеканалынын "Университеттен да артык" аттуу берүүсүнө конок болуп катышты.***

PhD., профессор Алпаслан Жейлан, берүү башында Манас телеканалынын жаңыртылган студиялары боюнча оюн билдирип, "Биздин темабыз катары белгиленген университеттен да артык болуу идеясынын ишке ашырылышы үчүн эң маанилүү институт Манас ТВ болуп саналат. Ошондуктан, бул телерадиокомпаниянын өнүгүшү университетибиздин таанытылуусу жана Кыргызстаныбыздын маданияты, искусствосу, адабияты жана башка көптөгөн тармактардагы иштердин кеңири аудиторияга жеткирилүүсү үчүн маанилүү. Биз Манас ТВнын жакшы иштерди жасап жатканын көрүп жатабыз, ар дайым байкап турабыз. Бардыгыңыздарга ыраазычылык билдирем", – деп белгиледи.

**Чабуул бүтсө да, чабылчу аттар чабышын улантат**

Берүүдө Манас ТВнын башкы редактору доктор Бүлент Намалдын суроолоруна жооп берген Ректор PhD., профессор Алпаслан Жейлан университеттин эл аралык жетишкендиктери боюнча мындай деди: "Кызматка киришкенде сиз менен программада "Чабышууга тийиишпиз, чабышышыбыз керек" деп айткан элем. Чабыша баштадык жана 4 жылды ийгиликтүү аяктадык. Чабышты улантабыз, биз чабыш бүткөн соң да чабышкан ат болобуз. Биз үчүн чабыштын бүтүшү маанилүү эмес. Биз университетибизди дагы да ийгиликтүү кылуу үчүн аракеттенебиз. Бул үчүн дагы көп күч-аракет жумшашыбыз керек. Университетибиз күн сайын жаңы ийгиликтерди жаратып, дайыма биринчи кадамдарды таштап жатат. Дүйнөнүн биринчи миң университетинин катарындабыз; бирок бул биз үчүн жетишерлик эмес. Рейтингдерде жаңы жетишкендиктерге жетүүнү каалайбыз. Университетибиз акыркы учурда Азия рейтингдеринде маанилүү ийгиликтер жетишти. Ошондой эле Борбордук Азияда да биринчи он университеттин катарында экендигибизди көрсөттүк. Түркияда дагы биринчи он университеттен бири болуу макамына ээ болдук. Бул жетишкендиктер үчүн Манас үй-бүлөсүнө чоң ыраазычылык билдирем. Бул аракет бардык жамааттын аракетинин натыйжасы. Келечекте дагы көп аракет кылып, дагы жакшыраак жетишкендиктерге жетебиз."

**"Түркиянын жүз жылы" визионунда уч бекетинин кызматы**

PhD., профессор Алпаслан Жейлан КТМУ сыяктуу эки өлкөнүн президенттеринин жакын көңүл буруусуна алынган башка университет жок экендигин айтып, "Президентибиз Режеп Тайиип Эрдоган "Түркиянын жүз жылы" визионунда КТМУга уч бекети катары кызмат кылууда. Демек, президентибиз бул уч бекетиндеги иштерди дагы көзөмөлдөп жатышат", – деп билдирди.

**Түрк дүйнөсүнүн сыймыгы**

PhD., профессор Алпаслан Жейлан, "Президентибиздин Кыргызстанга болгон визитинде университетибизди да кыдырып бара тургандыгын айтканын уктук, бул биздин үчүн сыймык жана кубаныч болду . Презедентин сапары боюнча даярдык иштерин мурунтан баштаган элек. 110 жаңы бөлүмдүн ачылышын пландап койгонбуз. Мындай кеңири ачылышты мурда эч ким жасаган эмес. Бул КТМУ үчүн эң чоң сыймык. Президентибиз өзүнүн кыска убакыттагы графигине карабастан, атайын КТМУга келип, университетибизге өзгөчө көңүл бөлдү. Алар бизден тийиштүү маалыматтарды алышты, биз болсо пландаган иш-чаралар тууралуу маалымат бердик. Президентибиз университетибиз боюнча ; КТМУ жөн гана Түркия жана Кыргызстан үчүн эмес, бүтүндөй Түрк дүйнөсү үчүн сыймык булагы деп айткан пикири болду. Бул биз үчүн баалуу, алтын сөздөр. Биз бул сөздөрдү алтын тамгалар менен Манастын тарыхына жаздык. Албетте, бул сапар бизге жаңы жоопкерчиликтерди жүктөдү. Анткени мындай көңүл жана мактоолорду алган университетибиз андан да ийгиликтүү болушу керек. Биз чабыштан кийин дагы чабышкан аттардай көп аракет жасап, көп иштеп, илимде заманбап технологияларды жакшыраак колдоно ала турган абалга жетүүгө аракет кылабыз, ар бир тармакта дагы да ийгиликтерге жетебиз", – деп өз сөзүн улантты.

**Түрк дүйнөсүнүн кичинекей модели**

Түрк мамлекеттеринин уюму (ТМУ) түзүлгөн күнгө чейин биринчи проректор профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев менен жеринен күбө болгондугун айткан А. Жейлан, КТМУ билим берүү тармагында Түрк дүйнөсүнүн кичинекей моделин түзүп жаткандыгын белгиледи. Түрк мамлекеттеринин уюмунун түзүлгөн күнүнөн тартып, экономика, өнөр жай, коопсуздук, тил, тарых, технология сыяктуу көп тармактарда жакшыртуулар болуп жаткандыгын айткан PhD., профессор Алпаслан Жейлан, президенттердин бул багытта абдан маанилүү келишимдерге кол койгондугун эске салды. Кыргызстандагы соңку ТМУ мамлекет башчыларынын 11-чогулушунда да маанилүү чечимдер кабыл алынганын белгилеген ректор, түрк дүйнөсүндө "тилде, ойдо, иште биримдик" принциби ийгиликтүү ишке ашарын айтты. PhD., профессор Жейлан, "Билим берүү тармагында биримдиктин чакырыгын биз КТМУ мисалында көрсөтүп жатабыз. Бул жетишкендик, башка өлкөлөрдө түзүлгөн жаңы эки тараптуу университеттер үчүн да үлгү болот. Биз билим берүү тармагында КТМУ мисалын өнүктүрүүнү каалайбыз. Бул жагынан ТМУнун Орхун өзгөрүү программасы бул өнүгүүнүн эң маанилүү кадамы болот. Билим берүү министрлеринин Орхун алмашуу программасына экономикалык жактан колдоо көрсөтүүсүн үмүт кылам. Бул боюнча кабыл алынган чечимдер эң тез арада ишке ашса, түрк дүйнөсүнүн жаштары жана илим адамдары бириккен учурда тез арада чоң жетишкендиктерге жетишет", – деп пикирин билдирди.

**КТМУнүн 2025-жылга карата максаттары**


Алпаслан Жейлан программада 2025-жылга карата пландары тууралуу да айтып, "университетибиздин жоболорун жана башка мыйзамдарды өзгөртүү иштери бүткөн соң, биз кеңири кызматтарды көрсөтө алабыз. Президент Режеп Тайиип Эрдоган 2018-жылы Кыргызстанга болгон визитинде мени делегацияга кошуп алган эле. Ал учурда мен алган жазууларымда, президенттин технопарк курууну буйрук бергендиги жазылган. Ал иштердин натыйжасында биздин университет, мүмкүн, дүйнөдө технопарк боюнча мыйзам долбоорун жазган биринчи университет болуп калды. Президент С. Жапаровдун бул ишти бекитүүсү менен 2025-жылга технопарк менен кошо өнүгүүнү баштадык. Азыр биз анын инфраструктурасын толуктап, технопаркти тез арада ишке киргизүү үчүн иштеп жатабыз. Эң маанилүү маселелердин бири – айланма капитал. Мисалы, айланма капитал жетишсиздигинен улам, ветеринария факультетиндеги дарылоонун чыгымдарын университеттин бюджетинен каржылап жатабыз. Бирок, бул маселе боюнча да маанилүү өнүгүүлөр болду, быйыл айланма капитал да ишке кирет. Бул эки кысталышты жойсок, университетибиз жакшыраак өнүгүп, ишин уланта алат", – деп билдирди.

**Студенттер үчүн жакшы кабарлар**

КТМУнун ректору PhD., профессор Алпаслан Жейлан Манас Телеканалынын "Университеттен да артык" программасында студенттерге багытталган иш-чаралар тууралуу сөз кылып, "биз студентке багытталган университетпиз. Студенттерибизди ар дайым биринчи орунга коюп келебиз. Биздин максатыбыз – студенттер үчүн эмне кыла аларыбызды изилдеп табуу. Жаңы кафетерияларды жана башка социалдык жайларды курууга аракет кылабыз. Түрк дүйнөсүнөн дагы көп студенттерибиз болсун деп тилейбиз. Биздин эң чоң аракетибиз ушул тарапта болот. Бизди көзөмөлдөгөн түрк дүйнөсүнүн жаштарын акысыз жана сапаттуу билим алып, ыңгайлуу кампус шартында билим ала турган университетке чакырабыз.




# Кыргыз-Түрк "Манас" университетине жаңы башкы катчы дайындалды



Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жаңы башкы катчысы кызматына 2025-жылдын 21-январынан тарта табигый илимдер факультетинин колдонмо математика жана информатика бөлүмүнүн профессордук-окутуучулук курамынан PhD., профессор Исмет Алтынташ дайындалды.

Куттуктоо ректорлукта расмий программа менен коштолуп, кызматка дайындалгандыгы тууралуу буйрукту КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев жана проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаков тапшырды. Алар башкы катчы болуп дайындалган PhD., профессор Исмет Алтынташты жаңы кызмат орду менен куттуктап, жооптуу ишине ийгиликтерди каалашты.

# Ректорудун жаңы кеңешчиси дайындалды


Солдон оңго: PhD., профессор Режаи Доган, PhD., профессор Мехмет Өзкаржыга, ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан

Көркөм өнөр факультетинин графика бөлүмүнүн PhD., профессор Мехмет Өзкаржы 2025-жылдын 29-январынан тарта Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректорунун кеңешчиси болуп дайындалды. Дайындоо аземи ректорлукта расмий программа менен коштолду. Кызматка дайындалгандыгы тууралуу буйрукту ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана проректор, PhD., профессор Режаи Доган тапшырып, PhD., профессор Мехмет Өзкаржыга жаңы кызматында ийгилик каалашты.

## Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы Уфук Тузман менен ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейландын жолугушуусу







Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы Уфук Тузман 2024-жылдын 21-ноябрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен жолугушту. Тузман PhD., профессор Алпаслан Жейландын экинчи мөөнөткө кайрадан ректорлукка дайындалышына кубанычта болгонун билдирип, жаңы мөөнөтүндө ийгиликтерди каалады. Ректор Жейлан дагы Уфук Тузманды Евразия жазуучулар биримдигинин төрагасы болуп шайланышы менен куттуктап, анын жаңы кызматында чоң жетишкендиктерге жетишүүсүн тиледи.

Ректорлук макамында өткөн жолугушууда эки мекеменин мурдагы жылдардагы ишмердүүлүгү талкууланып, биргеликте уюштурула турган иш-чаралар боюнча пикир алмашуулар болду. Жолугушууда "Манас" университети менен Евразия жазуучулар биримдигинин кызматташуусу түрк дүйнөсүнүн маданий, академиялык байланыштарын чыңдоодо маанилүү көпүрө болоору белгиленди.

Жолугушуу эки мекеменин ортосундагы кызматташууну мындан ары дагы чыңдоо тилектерин айтуу жана белек тапшыруу менен аяктады.

# Жаңы тамактануучу жай ишке берилди

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети студенттерге багытталган мамилесин бекемдөөнү жана алардын муктаждыктарын камсыз кылууну улантууда. Ага ылайык, университеттин экономика жана башкаруу факультетинин кантини 2025-жылдын 27-январынан тарта студенттердин тамактануучу жайы катары кызмат көрсөтүп баштады.*



Ачылуу аземинен көз ирмемдер

Жаңы тамактануучу жайдын ачылыш аземине ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректор, PhD., профессор Режаи Доган жана башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ катышты. "Студенттер – биз үчүн баарынан маанилүү. Бардык студенттерди жаңы тамактануучу жайдын ишке берилиши менен куттуктайм", – деген ректор А. Жейлан ачылыштан кийин студенттер менен бирге түштөндү.

Турмуш-тиричиликти тейлөө жана буфеттерди иштетүү бөлүмүнүн мүдүрү Муратбек Жолдошов жаңы тамактануучу жайдын иштөө убактысы жана сыйымдуулугу тууралуу буларга токтолду: "Кыргыз-Түрк "Манас" университетине талап барган сайын артууда. Студенттер көпкө кезек күтпөстөн түштөнүү үчүн тамактануучу жай саат 11:00-14:00 аралыгында иштейт." Жолдошов ашкананын студенттерге гана кызмат көрсөтөөрүн белгилеп, 100-115 кишилик сыйымдуулук менен ыңгайлуу шарт түзүлгөндүгүн айтты.

Студенттер университеттин жетекчилигинин бул кадамын баалап, тейлөө сапатынын жогорулашына абдан кубанычта экенин билдиришти.











# "Манас" университети өзгөрүүнүн жана трансформациянын сап башында

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борбору тарабынан 2025-жылдын 21-24-январь күндөрү окутуучуларга багытталган "Билим берүүдө заманбап ыкмалар" аттуу педагогдордун квалификациясын жогорулатуу курстарынын ачылыш отуруму өткөрүлдү.*



Ректор PhD., профессор Алпаслан Жейлан



PhD., доц. Рита Исмаилова

Программага КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ, Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун төрагасы, доцент Эркан Эфилти жана окутуучулар катышты.

**"Билим алуунун эрте-кечи жок"**

Иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан мындай маанилүү окутуу программасынын уюштурулуп жатканына кубанычта экенин билдирди.

Академиялык кызматкердин дайыма өзүн өнүктүрүүсүнүн зарылдыгына көңүл бурган ректор, PhD., профессор А.Жейлан: "билим берүүдө өзүн дайыма өнүктүрүп турган академиялык кызматкер университетти алдыга тартат", - деди.

Муну менен катар билим берүү философиясынын негизги принциптерин баса белгилеген ректор сөзүн мындай деп улантты: "Билим алуунун эрте-кечи жок. Ар бир куракта жана ар бир деңгээлде билим алууну улантуу керек деп эсептейбиз. Анткени илимде токтоп калуу мүмкүн эмес. Дүйнө өнүгүп жатканда, биз да бул өзгөрүү жана трансформация процессине катышууга милдеттүүбүз."

Ректор, КТМУнун билим жана илим тармагындагы ийгиликтери менен айырмаланып турганын айтып, "университетти сиздер менен биргеликте сыймыктанып, мактана турган деңгээлге жеткирдик. "Манас" университети - дүйнөдөгү өзгөлөрдөн өзгөчө билим берүү мекемеси", - деп сөзүн жыйынтыктады.

**"Билим берүүдө заманбап ыкмалар"**

Курстардын жүрүшүндө PhD., доц. Рита Исмаилова "билим берүүдө технологиялардын жана жасалма интеллекттин колдонулушу", п.и.к., профессор Миргүл Эсенгулова "Суроолор парадигмасынын өзгөчөлүктөрү", п.и.к., доц. Жылдыз Асекова "Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү технологиялар", PhD., профессор Эржан Йылмаз "Өлчөөдөгү жана баалоодогу жаңы ыкмалар", PhD., профессор Мустафа Явуз "Заманбап билим берүүдө чыгармачыл жана жаңычыл ой жүгүртүү" темаларында офлайн жана онлайн окутууларды өтүштү.

Билим берүүдөгү жаңы өнүгүүлөрдү көзөмөлдөө, технологияны пайдаланууга басым жасоо жана заманбап билим берүү ыкмалары жөнүндө маалымат алууга багытталган бул маанилүү окутуу программасы 2025-жылдын 24-январь күнү аяктады

# "Сынчыл ой жүгүртүүнү практикада колдонуу боюнча окутуу" долбоорунун сертификат тапшыруу аземи

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректорлугу тарабынан колдоого алынган жана теология факультетинин ага окутуучусу, PhD., доцент Наил Карагөздүн жетекчилигинде жүргүзүлгөн "Сынчыл ой жүгүртүүнү практикада колдонуу боюнча окутуу" долбоору 2025-жылдын 21-февралында уюштурулган сертификат тапшыруу аземи менен жыйынтыкталды.*




Окуу процессин ийгиликтүү аяктагандар үчүн уюштурулган аземге КТМУнун биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, профессор, PhD., профессор Режаи Доган, ректордун кеңешчилери PhD., профессор Кемал Полат жана PhD., профессор Мехмет Өзкаржы, окутуучулар катышты.

Иш-чаранын ачылыш сөзүн сүйлөгөн биринчи проректор А. Ибраев долбоордун Кыргызстан жана "Манас" университети үчүн пайдалуу болгонун баса белгиледи. Ал эми проректор Р.Доган билим берүүдө өзгөрүүлөргө шайкеш келүүнүн жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүнө көңүл бурду.

Катышуучулар окутуунун жүрүшүндө теориялык маалыматтарды сабактарда колдонуп, долбоордо үйрөнгөн ыкмаларды практика жүзүндө ишке ашыруу жана тажрыйбаларын топтук иш-аракеттер менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Интенсивдүү өз ара аракеттенүү менен ишке ашкан иш-аракеттер критикалык ой жүгүртүүнү терең түшүнүү жана колдонуу мүмкүнчүлүгүн берди жана катышуучулардын ушул сыяктуу билим берүү программаларына болгон кызыгуусу чоң экендиги байкалды.

Чоң кызыгууну жараткан жана натыйжалуу үйрөнүү чөйрөсүн сунуштаган программа сертификаттарды тапшыруу менен аяктады.

# ЧОҢ ЖОГОТУУ






***PhD., профессор Йенер Өзен ата-бабалардын жеринде акыркы сапарга узатылды. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин педагогика бөлүмүнүн PhD., профессору Йенер Өзен 2025-жылдын 10-февралында Бишкек шаарында мезгилсиз дүйнөдөн кайтты.***

Маркум агай үчүн Сатук Бугра Хан атындагы мечитте коштошуу зыйнаты уюштурулуп, ага Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир жана дин иштери боюнча кеңешчиси Салих Сезик, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, проректорлор PhD., профессор Режаи Доган жана PhD., профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ менен бирге профессордук-окутуучулук курам, административдик кызматкерлер, студенттер жана жакындары катышты.

12-февраль күнү жаназа намазынан кийин Түркиялык илимпоздун сөөгү ата-бабалардын жеринен туулуп-өскөн жери Эрзинжанга узатылды.

13-февралда Эрзинжан Бинали Йылдырым университетинде өткөрүлгөн коштошуу зыйнатына Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан катышып, маркумдун үй-бүлөсүнө, жакындарына жана кесиптештерине көңүл айтты.

Коштошуу аземине Эрзинжан шаарынын губернатору, доцент Хамза Айдогду, Эрзинжан шаардык кеңешинин депутаты Сүлейман Караман, Эрзинжан шаарынын мэри Бекир Аксун, Эрзинжан Биналы Йылдырым университетинин ректору, PhD., профессор Акын Левент, профессордук-окутуучулук курам, студенттер жана маркумдун үй-бүлөсү катышты.

Куран жана маркумдун жаназа намазы окулду.

Дубалардын коштоосунда Терзи Баба күрүстөнүнө коюлган PhD., профессор Йенер Өзендин кабырына кызматын арнаган Кыргызстандагы ата-бабалардын жеринен алып келинген топурак коюлду.


# Кадырлуу агайыбыз, профессор, доктор Йенер Өзөндүн артынан…

*Биздин ишенимибизде өлүм жандын дене боюнан айрылышы, адамдын бул дүйнөдөгү конокчулугунун аякташы катары кабыл алынат. Өлүм, аягы эмес, тескерисинче түбөлүк жашоого ачылган эшик. Дүйнө жашоосу адам үчүн сыноо жери, ал эми өлүм бул сапардын качып кутулгус токтолушу. Бул чындык Куран-ы Керимде, "Ар бир жан өлүмдү татат" (Анкебут 29/57) аяты менен билдирилет. Маанилүүсү, Жараткан Улууга чын дилден ыйман, жакшылык жана адилеттүүлүк менен жашап, акырет үчүн жакшы даярдык көрүү.*

*Өлүм ар бир адам үчүн качып кутулгус тагдыр болгону менен, каза болгондун артында калган жакындары үчүн кайгылуу окуя. Түбөлүк сапарына узатылган илим адамынын өлүмү болсо, Азирети Пайгамбардын (с.а.в.) "Аалымдын өлүмү, дүйнөнүн өлүмү сыяктуу" деген хадисинде билдирилгендей, көзү өтүүсү дагы кеңири чөйрөгө таасир этет. 2025-жылдын 10-февралында, жанын ашык болгон Теңир-Тоонун этегинде түбөлүк дүйнөгө тапшырган кадырлуу агайыбыз, профессор, доктор Йенер Өзөндүн 54 жашында каза болуусу да жакындарын, достору менен окуучуларын, кыскасы биздин коомчулукту терең кайгыга батырды.*

*Университетибизде 2019-2020-окуу жылында кызмат кылгандан кийин 2025-жылдын 27-январында кайрадан кызматка киришкен Адабият факультетинин Билим берүү илимдери бөлүмүнүн окутуучусу профессор, доктор Йенер Өзөндүн көзү өтүүсү менен биздин коомчулук чоң жоготууга учурады. Көңүлү Түрк дүйнөсүнө болгон сүйүү менен толуп ашкан профессор, доктор Өзөн өмүрүн үй-бүлөсүнө, мекенине, элине, билимдин артынан кууп, адамзатка салым кошууга арнады. Өз тармагында көптөгөн эмгектерди жаратты. Бирок анын эң чоң мурасы жалгыз гана жасаган илимий эмгектери эмес, ошондой эле тарбиялап чыгарган окуучулары жана калтырган илхамы. Бишкекте Кыргыз-Түрк Манас университетинде жана Эрзинжан Бинали Йылдырым университетинде кесиптештеринин, окуучуларынын, расмий органдардын жана кеңири эл массасынын катышуусу менен өткөн жаназа намазында маркумдун канчалык деңгээлде сүйүктүү адам экенин баары дагы бир жолу көрдү. Аны тааныган ар бир адам профессор, доктор Өзөндү жалгыз гана илим адамы катары эмес, ошондой эле жакшы үй-бүлө атасы, мугалим, дос жана жол көрсөтүүчү катары эскерет.*

*Кадырлуу агайыбыз маркум профессор, доктор Йенер Өзөндүн жубайына, үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө, жакындарына, кесиптештерине, окуучуларына жана бүткүл Манас үй-бүлөсүнө көңүл айтуу тилектеримди сунуштайм. Жараткан Улуу ырайым кылсын, жайы бейиш болсун.*






# "Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар" долбоору ишке кирди

***2025-жылдын 20-февралында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде "Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар" аттуу масштабдуу долбоордун расмий ачылышына арналган конференция болуп өттү.***

Ага Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу, Дүйнөлүк банктын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн башчысы Хью Ридделл, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев жана изилдөө борборлорун түзүү боюнча демилгелерди сунуштаган Кыргызстандагы алдыңкы ЖОЖдордун ректорлору, илимий-изилдөө, ишкердик, өнөр жай жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Аталган долбоор КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Дүйнөлүк банктын колдоосу менен ишке ашырылууда. Демилге ЖОЖдордун илимий потенциалын өнүктүрүүгө, билим берүү программаларын жана изилдөөлөрдү жакшыртууга жана эмгек рыногу менен байланышты чыңдоого багытталган.

Конференцияда министрдин орун басары Расул Абазбек уулу "Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар" долбоорун таанытып, катышуучуларга кеңири маалымат берди.

Дүйнөлүк банктын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн башчысы Хью Ридделл сүйлөгөн сөзүндө өлкөдөгү жогорку билим берүүнү модернизациялоо боюнча долбоордун маанилүүлүгүн баса белгиледи. Андан соң алдыңкы тажрыйба борборлорунун өкүлдөрү презентация кылышты.

Борборлор илимий изилдөөлөр жана инновациялар үчүн аянтча болуп, экономиканын негизги тармактарын өнүктүрүүгө көмөктөшөт жана университеттер, өнөр жай, эл аралык өнөктөштөр ортосундагы кызматташтыкты бекемдейт. Мындан тышкары, долбоор академиялык программаларды модернизациялоону, аккредитациялоо системасын жакшыртууну жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатууну камтыйт. Аны ишке ашыруу заманбап эмгек рыногунда талап кылынган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн шарттарды түзүү менен Кыргызстандын эл аралык билим берүү аренасында позициясын чыңдайт.





# "Кыргыз Куршевель" мамлекеттик ишканасы менен меморандум түзүлдү





*Солдон оңго биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, "Кыргыз Куршевель" мамлекеттик ишканасынын директору Жаркынбек Максүтов*

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кыргыз Куршевель" мамлекеттик ишканасы менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ортосунда кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюлду.

2025-жылдын 4-февраль күнү кол коюу аземине "Кыргыз Куршевель" мамлекеттик ишканасынын директору Жаркынбек Максүтов, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, PhD., профессор Камалбек Карымшаков катышты. "Үч чоку" долбоорунун алкагында "Кыргыз Куршевель" мамлекеттик ишканасы жана КТМУ тоо лыжа туризми үчүн кадрларды даярдоо, аларды окутуу, квалификациясын жогорулатуу жана тоо лыжа кластери үчүн жергиликтүү адистерди тартуу боюнча келишимге кол коюшту.

Тараптар тоо лыжа туризми боюнча кесиптик жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө, курорттук инфраструктураны башкаруу жаатындагы эл аралык стандарттарды ишке ашырууга жана туристтик тармактын учурдагы талаптарына ылайык билим берүү программаларын ишке киргизүүгө багытталган биргелешкен иш-чараларды өткөрүү, стажировкаларды, академиялык алмашууларды жана чет элдик адистерди билим берүү процесстерине тартуу тууралуу макулдашышты. Белгилей кетсек, "Үч чоку" долбоору — Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан ири тоо лыжа кластери өлкөнү эл аралык деңгээлдеги тоо лыжа туризминин борборуна айлантууга багытталган.

# Кызматташуу протоколуна кол коюлду

*2025-жылдын 13-февралында Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен Түрк дүйнөсүнүн медиаторлор биримдиги ортосунда кызматташтык протоколуна кол коюлду.*

КТМУда өткөн кол коюу аземине проректор, PhD., профессор Режаи Доган, башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ, Түрк дүйнөсүнүн медиаторлор биримдигинен төрага, адвокат Якуп Эрикел, төраганын орун басары, адвокат Салиха Саса, башкы катчы, адвокат Юсуф Гөзел, байланыштар жана кызматташтык комитетинин төрагасы, адвокат Хавва Хажинежипоглу, Кыргыз Республикасынын медиаторлор коомчулугунун байкоочу кеңешинин төрайымы Гулсина Кожоярова, TDAB'дын Кыргызстан боюнча комиссиясынын мүчөлөрү, адвокаттар Ирфан Медет Акпынар жана Мехмет Али Баранлы катышты.

Протоколдун алкагында медиация жаатындагы биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга, академиялык жана илимий иш-аракеттерди жүргүзүүгө, түрдүү билим берүү программаларын жана маданий иш-чараларды уюштуруу максаты көздөлүүдө. Тараптар түзүлгөн кызматташтыкты академиялык чөйрөдө гана эмес, ошол эле учурда маданий жана социалдык байланыштарды чыңдоо аркылуу түрк дүйнөсүндөгү орток баалуулуктарды бекемдей турганын баса белгилешти.

Кол коюу аземинен кийин биритмдиктин башкаруу кеңешинин мүчөлөрү КТМУнун студенттери менен жолугушуп, медиация тууралуу мазмундуу жана интерактивдүү маек курушту.

**Медиация: Коомдук тынчтыктын көпүрөсү**

Аталган биримдиктин төрагасы, адвокат Якуп Эрикел жетектеген маекте медиациянын коомдук тынчтыкка кошкон салымы талкууланды. Эрикел: "Медиация коомдо көпүрө катары талаш-тартыштарды чечүүнүн натыйжалуу куралы. Биримдик 11 өлкөдө ишмердүүлүгүн активдүү улантууда. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Түрк дүйнөсү медиация клубдарын түзүүнү каалайбыз", - деп студенттерди медиация иш-чараларына катышууга чакырды.





Солдон оңго: Түрк дүйнөсүнүн медиаторлор биримдигинен төрага, адвокат Якуп Эрикел, проректор, PhD., профессор Режаи Доган

Маектин жүрүшүндө эмгек укугу, үй-бүлө укугу, мурас укугу, кошуналык укугу жана коммерциялык укук сыяктуу түрдүү тармактагы медиация процесстери тууралуу кеңири маалыматтар берилди. Юристтер медиация мыйзамдуу чечим гана эмес, коомдун түрдүү катмарын бириктирген байланыш механизми экенин баса белгилешти.

Жолугушууда катышуучулар бул маанилүү кызматташтыктын түрк дүйнөсү үчүн маанилүү кадам экенин айтып, бул процесске студенттердин да кошулуусу өсүп келе жаткан муундун медиация тууралуу маалымдуулугун арттырууда чоң мүмкүнчүлүк экенин белгилешти.





# Сапатты башкаруу системасын баалоо

*2025-жылдын 19-февралында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде TS EN ISO 9001:2015 Сапатты башкаруу системасынын алкагында "2024-жылга карата ички текшерүү жана башкаруунун кайра кароо жыйыны" болуп өттү.*

Жыйынга КТМУнун проректору, PhD., профессор Режаи Доган, башкы катчы жана Сапатты башкаруу системасынын өкүлү, PhD., профессор Исмет Алтынташ, Сапатты аткаруу комитетинин төрагасы, PhD., профессор Кадир Ардыч, сапатты башкаруу боюнча элчилер, түзүмдөрдүн жетекчилери, институт, факультет, чет тилдер жогорку мектеби жана кесиптик жогорку мектептин катчылары менен административдик бөлүмдөрдүн жетекчилери катышты.



Сапатты аткаруу комитетинин төрагасы,Проф.док.Кадир Ардыч



Башкы катчы жана Сапатты башкаруу системасынын өкүлү, PhD., профессор Исмет Алтынташ



Солдон оңго: Максатбек Ынакбековго, PhD., профессор Режаи Доган

Жыйында Сапатты аткаруу комитетинин төрагасы, PhD., профессор Кадир Ардыч 2024-жылдын декабрь айында жүргүзүлгөн ички аудиттин жыйынтыгы боюнча Сапатты башкаруу системасын эң мыкты колдонгон бөлүм катары китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы аныкталганын билдирди. Мындай жетишкендиги үчүн башкармалыктын жетекчиси Максатбек Ынакбековго жана анын командасына проректор, PhD., профессор Режаи Доган тарабынан ыраазычылык баракчасы тапшырылды.

"Сапатты башкаруу системасы корпоративдик өнүгүү үчүн маанилүү"

Жыйында проректор, PhD., профессор Режаи Доган сапатты башкаруунун жогорку окуу жайлардын концепциясын аныктоодогу жана өнүгүү процессин күчөтүүдөгү маанисин баса белгиледи. PhD., профессор Доган: "Сапатты башкаруу системасы биздин университеттин ийгиликке жетүүсүндө абдан маанилүү роль ойнойт. Бул процесске салым кошкон сапатты башкаруу өкүлүнө, сапатты аткаруу кеңешинин төрагасына, сапатты башкаруунун элчилерине жана бардык академиялык кызматкерлерге ыраазычылык билдирем", - деп, корпоративдик биримдиктин маанисине көңүл бурду.

Башкы катчы жана Сапатты башкаруу системасынын өкүлү, PhD., профессор Исмет Алтынташ өз сөзүндө сапатты башкаруу системасы "Манас" университетин мындан ары өнүктүрүүдө жол көрсөтүүчү экенин айтып, "бул жолдо бизде чоң жоопкерчилик бар, ар бирибиз дал ушул процессте колубуздан келишинче аракет кылабыз деп ишенем", - деди.

Жыйында Сапатты аткаруу комитетинин төрагасы, PhD., профессор Кадир Ардыч сапатты башкаруу боюнча элчилерге 2024-жылга карата ички текшерүүнүн жыйынтыктары, документтештирүү органдарынын аудиттери, студенттердин жана кызматкерлердин кайтарым байланыштары, процесс жигердүүлүгү жана сапатка ылайык максаттардын абалы сыяктуу күн тартибиндеги пункттар боюнча деталдуу маалымат берди. Мындан тышкары, түзөтүүчү жана алдын алуу чаралары, стратегиялык план, корпоративдик баалоо отчеттору, кызматкерлерди окутуу программалары сыяктуу маселелер да кеңири талкууланды.

Күн тартибиндеги пункттарга ылайык жүргүзүлгөн талкууда сурамжылоонун жыйынтыктарынын анализи, жаңылануулар жана иш-аракеттерди жакшыртуу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынды.

Жыйын Сапатты башкаруу системасынын туруктуулугун камсыз кылуу жана университеттин стратегиялык максаттарына жетүү үчүн аткарыла турган иш-аракеттерди аныктоо менен аяктады.

# КТМУ студенттеринин чоң жетишкендиги

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кесиптик жогорку мектебинин техникалык программалары бөлүмүндөгү жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо программасынын студенттери эл аралык сынакта чоң жетишкендикке ээ болушту.

2024-жылдын 16-декабрында Корея өкмөтүнүн колдоосу менен И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде уюштурулган "Start-Up дизайн жана долбоор" сынагында студенттер "Экологиялык аң-сезим" темасындагы долбоорлору менен экинчи орунду багындырышты.

Биздин студенттер сынакта көрсөтүшкөн инновациялык ыкмалары жана чыгармачыл долбоорлору менен калыстар тобунун өзгөчө баасына татыктуу болушту. "Манас" университетин эл аралык деңгээлде мыкты көрсөтө алган студенттер акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.




"Манас" студенттеринин "Экологиялык аң-сезим" долбоорлору




"Манаста" "Моңголия күнү"





# КТМУда Моңголия күнү: Боордош өлкөлөр ортосундагы мамиле чыңдалды

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети 2025-жылдын 5-февралында Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында "Моңголия күнү" иш-чарасын өткөрүп, боордош өлкөлөр ортосундагы байланыштарды дагы да чыңдады.*

Иш-чарага Монголиянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарымукуктуу Элчиси Ганхуяг Содном, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, башкы катчы, PhD., профессор Исмет Алтынташ, окутуучулар, студенттер жана коноктор катышты.

Салтанаттуу иш-чара Моңголиянын бай тарыхын, маданиятын жана салттарын баяндаган тасманы көрсөтүү менен башталып, катышуучулар моңгол элинин тамыры терең тарыхын жана маданий мурасы менен жакындан таанышышты.

**Келечекке багытталган орток концепция**

Элчи Ганхуяг Содном өз сөзүндө иш-чаранын уюштуруучуларына ыраазычылык билдирип, "үч өлкөнүн келечеги үчүн баарыбыз колубуздан келишинче аракет кылышыбыз керек,"- деди.

Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан Борбордук Азиянын престиждүү билим берүү мекемеси КТМУ экенин белгилеп, буларга токтолду: "Биз дагы көптөгөн моңголиялык студенттердин билим алуусун каалайбыз. Алардын бул университетте сапаттуу билим алуусу Кыргызстан, Түркия жана Моңголия үчүн пайдалуу болмокчу. Келечектин жаштарын өстүрүү да биздин чоң милдетибиз."

Биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев боордош элдердин ортосундагы мамиленин маанилүүлүгүн белгилеп, орток маданий жана тарыхый баалуулуктарга токтолду. Мындан тышкары, окуу жай бир гана билим берүү менен чектелбей, студенттердин келечекте жумушка орношуусу үчүн түрдүү мекемелер менен кызматташуу келишимдери түзүлүп жатканын айтты.



# КТМУ МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ СТУДЕНТ КАБЫЛ АЛУУНУ БАШТАЙТ


*Кыргыз-Түрк "Манас" университети (КТМУ) жогорку билим берүүдө сапат стандарттарын улам жакшыртууну максат кылып, маанилүү дагы бир кадамга барууда. Узак мөөнөттүү даярдык иштеринин натыйжасында негизделген КТМУнун Медицина факультети 2025–2026-окуу жылынан тартып алгачкы студенттерин кабыл алууга даярданууда. Бул тарыхый окуя КТМУ үчүн гана эмес, Кыргызстан, Түркия жана жалпы Түрк дүйнөсү үчүн стратегиялык мааниге ээ кадам.*




Медицина факультетинин пайдубалы 2018-жылдын 2-сентябрында, Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайййип Эрдогандын расмий иш сапарынын алкагында Бишкекте өткөн салтанаттуу иш-чарада салынган. Урматтуу Президенттин көрөгөч жетекчилиги менен башталган бул процесс факультеттин расмий түрдө түзүлүшү, инфраструктурасынын бүткөрүлүшү жана академиялык түзүмүнүн калыптануусу менен ийгиликтүү жыйынтыкталды.

Ушул алкакта, 2025-жылдын 18-июнунда КТМУ менен Түркиянын алдыңкы медициналык билим берүү мекемелеринин бири болгон Саламаттык сактоо илимдери университетинин (СБҮ) ортосунда Эл аралык биргелешкен бакалаврдык программа протоколуна кол коюлду. Стамбул шаарындагы Мектеб-и Тыббыйе-и Шахане кампусунда өткөн бул иш-чарада КТМУ атынан ректор, профессор доктор Алпаслан Жейлан, СБҮ атынан ректор, профессор, доктор Кемалеттин Айдын кол койду. Протоколго ылайык, медицина факультетинин студенттери алгачкы үч жылдык билимди КТМУда, ал эми клиникалык багыттагы акыркы үч жылдык билимди СБҮ базасында алышат. Окуу кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт жана бүтүрүүчүлөргө кош диплом ыйгарылат.

КТМУнун Медицина факультети катары негизги максатыбыз – илимий негизге таянган, кесиптик этикалык баалуулуктарды карманган жана маданий сезимталдыкка ээ дарыгерлерди тарбиялоо. Бул максатты ишке ашырууда Саламаттыкты сактоо илимдери университети менен түзүлгөн кызматташтык Түрк дүйнөсүндөгү жогорку билим берүү тармагына үлгү боло турган өнөктөштүк катары бааланат.



КТМУнун Медицина факультетинин ачылышында ар дайым колдоосун бизден аябаган Түркия Республикасынын Президенти урматтуу Режеп Тайййип Эрдоганга жана Кыргыз Республикасынын Президенти урматтуу Садыр Жапаровго ыраазычылык билдиребиз. Ошондой эле, Түркия Республикасынын Билим берүү министри профессор доктор Юсуф Текинге, Кыргыз Республикасынын агартуу министри Догдуркүл Кендирбаевага, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министри Бактыяр Орозовго, Түркия Республикасынын Саламаттыкты сактоо министри профессор доктор Кемал Мемишоглуна, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министри Эркин Чечебаевге, лицензия алуу процессиндеги колдоосу үчүн мурдагы саламаттыкты сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиевге, Түркия Республикасынын ЖОЖдор кеңешинин төрагасы профессор, доктор, Эрол Өзварга жана документтерди даярдоодо салым кошкон мурдагы саламаттыкты сактоо министри Талант Батыралиевге терең ыраазычылык билдиребиз.

Бул маанилүү өнүгүү КТМУга, эки бир tууган өлкө Кыргызстан менен Түркияга жана жалпы Түрк дүйнөсүнө кут болсун!

**Алпаслан Жейлан Проф. докт.,**
**КТМУнун Ректору**



ФОТО: ОМЕР КУФРЕВИ



*PhD., профессор Алпасан Жейлан жана Түркия Республикасынын Саламаттык сактоо министри PhD., профессор Кемал Мемишоглу*

# Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен Түркиянын Саламаттык сактоо министри менен жолугушту

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, PhD., профессор Алпасан Жейлан Түркия Республикасынын Саламаттык сактоо министри PhD., профессор Кемал Мемишоглу менен жолугушту.

Жолугушууда "Манас" университетинин билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарындагы учурдагы инфраструктурасы, жүргүзүлүп жаткан долбоорлор жана келечекке багытталган иштер талкууланды. Ректор Жейлан илимдин жолунда жаркын келечек куруу максатында бардык аракеттерин жумшап жатышканын белгилеп, университеттин саламаттык сактоо тармагын жакшыртуу боюнча пикирлерин министр Мемишоглу менен бөлүштү. Эки тараптуу пикир алмашуу орун алган жолугушууда Кыргызстандын саламаттык сактоо тармагындагы максаттарына жетүү боюнча кызматташтык мүмкүнчүлүктөрү да каралды. PhD., профессор А. Жейлан министр PhD., профессор Кемал Мемишоглунун жылуу кабыл алуусу жана көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.

# Маданий байланыштарды бекемдеген жолугушуу

*Үстүбүздөгү жылдын 7-февралында Кыргыз-Түрк "Манас" университети түрк маданиятын жана киносун Кыргызстандагы жаштарга таанытуу максатында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин студенттери үчүн түркиялык режиссер Чан Юлкайдын "Айла: согуштун кызы" тасмасын көрсөтүү иш-чарасын уюштурду.*





Иш-чарага Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир жана дин иштери боюнча кеңешчиси Салих Сезик, КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан менен бирге Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин түркология жана котормо бөлүмүнүн башчысы, ф.и.к., доцент Бурул Элебесова, доцент Эсра Явузажар, ага окутуучу Фаризат Курамаева жана студенттери катышты.

Тасманын алдында сөз сүйлөгөн Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Күршад Дулкадир түркология бөлүмүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, студенттер үчүн түзүлүп жаткан шарттар боюнча маалымат берди. "Орток түрк алфавитин жайылтуу багытында иш алып баруудабыз. Ага ылайык, баардык жактан колдоо көрсөтүп жаткан элчиликке, кеңешчиликке жана "Манас" университетине ыраазычылык билдирем", - деди ал.

Ректор, PhD., профессор Алпаслан Жейлан КУУнун студенттери менен жолугушканына кубанычта экенин айтып, буларга токтолду: "Биздин университеттин мүмкүнчүлүктөрү Кыргызстандын бардык университеттери үчүн ачык, андыктан "Манаста" күтөбүз. Окуу жай катары колубуздан келишинче колдоо көрсөтөбүз."

Реалдуу окуяларга негизделип тартылган тасма көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, өзгөчө сезимдер менен кайтышты.

"Манас" университети Кыргызстанда окуган жаштарга билим алуу борбору болууну улантуу менен бирге түрк маданиятын жана искусствосун таанытуу салтын бекемдеп келет.



# "Манас" университетинен карьералык мүмкүнчүлүктөр: Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтык бекемделүүдө

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин туризм факультети 2025-жылдын 11-февралында Түркиянын алдыңкы мейманканаларынын катышуусунда эки күнгө созулган "Карьера күнү" иш-чарасы болуп өттү.*

Аталган факультеттин студенттерин Түркиядагы мейманканаларда милдеттүү түрдө практика өтөөсү боюнча жумуш берүүчүлөр менен маектешүү мүмкүнчүлүгүн берген иш-чара Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында ачылыш аземи менен башталды. Ага туризм факультетинин деканы, PhD., профессор Ясин Бойлу баштаган окутуучулар жамааты, студенттер, ошондой эле Түркиядан келген "Kempinski Hotel The Dome", "Sirene Belek Hotel", "Rixos Hotels", "Kemer Holiday Club Hotel" жана "Kilikiya Palace Göynük Hotel" мейманканаларынын өкүлдөрү катышты.

Декан, PhD., профессор Ясин Бойлу катышуучуларга иш-чаранын максаты жана маанилүүлүгү тууралуу маалымат берди. Андан соң Түркиядан келген өкүлдөр мейманканаларын таанытып, КТМУ менен көп жылдан берки тыгыз кызматташтыкта экенин белгилеп, "Манас" университетинин студенттери менен иштешүүгө кубанычта экенин билдиришти.

**Келечекке карай ишеним**

Иш-чаранын жүрүшүндө мейманкана өкүлдөрү туризм факультетинин студенттери менен жеке интервьюларды өткөрүп, алардын карьералык пландоосуна багыт беришти. Студенттер Түркиядагы эң алдынкы мейманканалардында практикадан өтүү боюнча мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат алып, иш менен камсыз кылган тараптар да КТМУнун студенттеринин кесиптик даярдыктары менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк алышты.

Мейманкана өкүлдөрү КТМУнун ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан жана проректор, PhD., профессор Режаи Доган менен жолугушушту.

Иш сапардын жүрүшүндө ректор Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы академиялык жана тармактык кызматташтыктын маанисине басым жасап, "Манас" университетинде өтүп жаткан "Карьера күнүнө" карата иш-чаралар эки өлкөнүн ортосундагы достук жана кызматташтыкты чыңдап, студенттер менен иш дүйнөсүнүн ортосунда бекем көпүрө түзүүнү улантууда. Мындай иш-чаралар студенттердин карьералык өнүгүүсүнө салым кошуп, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты мындан ары да бекемдейт", - деди.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде салтка айланган "Карьера күнүнө" карата иш-чаралары бул жылы да студенттерге эл аралык иш мүмкүнчүлүктөрүнүн эшигин ачты. Иш-чара академиялык дүйнөнүн тармактык кызматташтыктары менен биргелешип, келечекке ишеним менен багыт алышына мүмкүнчүлүк берген иш-чара катары бааланды.





*"Карьера күнү" иш- чарасынан үзүндү*





# Түрк дүйнөсүнүн чолпон жылдызы — “Манас” университети медиа сыйлыктарына ээ болду



“Жаш медиа өкүлдөрү” конкурстун жеңүүчүлөрү

*“Айдын Доган” фонду жана Түркиянын Журналисттер коомунун кызматташуусу менен 34-ирет өткөрүлүп жаткан “Жаш медиа өкүлдөрү” аттуу конкурстун жеңүүчүлөрү аныкталды. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин студенттери чоң сыймык жаратып, мелдештен төрт сыйлык менен кайтышты.*

**Жаш медиа өкүлдөрүнөн чоң жетишкендик**

Сыйлык тапшыруу аземи 2025-жылдын 20-февралында Hilton İstanbul Bosphorus мейманканасында уюштурулган салтанаттуу иш-чарада өткөрүлдү. Медиа жана коммуникация тармагынын кадыр-барктуу өкүлдөрү катышкан аземде КТМУнун атынан коммуникация факультетинин деканы, PhD., доцент Угур Үнал жана студенттердин долбоор боюнча куратору, академ. адис Фахри Тархан да орун алды.

**“Фотография”, “кыска метраждуу тасма” жана “даректүү тасма” категорияларында сыйлыктар**

Коммуникация факультетинин студенттери “фотография”, “кыска метраждуу тасма” жана “даректүү тасма” категорияларында зор ийгиликтерге жетишип, “Манас” университетинин атын дагы бир жолу даңазалашты.

“Фотография” категориясында академ. адис Фахри Тархан жетекчилик кылган журналистика бөлүмүнүн студенти Раяна Мамедова биринчи орунду жана Жибек Абдукаимова үчүнчү орунду ээледи. “Кыска метраждуу тасма” категориясында ага окутуучу Наргиза Маматкулова жетекчилик кылган радио, телевидение жана кино бөлүмүнөн Айжамал Мирбек кызы биринчи орунду багындырса, “даректүү тасма” боюнча ага окутуучу Стамбулбек Мамбеталиев жетекчилик кылган радио, телевидение жана кино бөлүмүнүн студенти Алтынай Адамалиева үчүнчү орунду алды.

**Коммуникация дүйнөсүнүн престиждүү сынагы**

Бул жылкы сынакка 60 университеттин коммуникация факультеттеринин студенттери катышты. Жазуу, визуалдык, аудио жана санариптик медиа тармактарында миңден ашуун долбоор бааланган сынакта жалпы 14 категория боюнча сыйлыктар ыйгарылды.

Түркиянын эң престиждүү медиа сынагы студенттердин коммуникация тармагындагы таланттарын көрсөтүүгө жана өздөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Жаш медиа өкүлдөрүнүн таланттарын даңазалаган бул сыйлыктар алардын аталган тармактагы келечегине жол ачат.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин студенттеринин бул чоң жетишкендиги түрк дүйнөсүндө сапаттуу медиа адистерин даярдоо боюнча чечкиндүүлүгүн дагы бир жолу далилдеди.




Радио, телевидение жана кино бөлүмүнөн Айжамал Мирбек кызы



Радио, телевидение жана кино бөлүмүнүн студенти Алтынай Адамалиева



3.фото журналистика бөлүмүнүн студенти Раяна Мамедова жана Жибек Абдукаимова



# Китепкөй студенттерге сыйлык берилди



*Үстүбүздөгү жылдын 25-февралында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, PhD., профессор Алпаслан Жейлан 2024-жылдын сентябрь-декабрь аралыгында эң көп китеп окуган студенттерге сыйлыктарын тапшырды.*

Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгынын статистикалык маалыматына ылайык, төрт айдын ичинде эң көп китеп окуп, билимге болгон умтулуусу менен айырмаланган алты студентке түрдүү белектер берилди.

**“Китеп окууга болгон арзуу”**

Ректор, PhD., профессор А. Жейлан сыйлык тапшыруу аземинде сүйлөгөн сөзүндө китеп окууга болгон арзууну белгилеп, китеп окуган адамдардын ой дүйнөсү кең болуп, академиялык жетишкендиктери жогорулаганын белгиледи. Китептерге болгон терең кызыгуусун билдирген PhD., профессор А.Жейлан студенттерге бул баалуу адатты өмүр бою улантуулары керектигин билдирди.

75 китеп окуп, биринчи орунга ээ болгон кесиптик жогорку мектебинин техникалык программалары бөлүмүнүн жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо программасынан Бекболсун Бекташов эң көп китеп окуган студент деп табылды. Гуманитардык факультетинин түркология бөлүмүнүн студенти Ширин Асанова 37 китеп менен экинчи орунду, ошол эле бөлүмдөн Айзада Туратбекова 29 китеп окуу менен үчүнчү орунду ээледи. Кесиптик жогорку мектебинин экономика жана башкаруу программалары бөлүмүнүн мектепке чейинки билим берүү программасынын студенттери Аида Ырысбек кызы жана Самара Саматова 28 китеп менен төртүнчү орунду бөлүшсө, коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн студенти Сагынай Арапбаева 26 китеп окуп, бешинчи орунду ээледи.





Сыйлык тапшыруу аземинен кийин ректор китепкананы кыдырып, сабак окуп, изилдөө иштерин жүргүзүп жаткан студенттер менен жолугушту. PhD., профессор А.Жейлан илимге, билимге берилген маанини баса белгилеп, студенттерге академиялык жашоосунда ийгиликтерди каалады жана алардын изилдөөлөрүндө, долбоорлорунда дайыма колдоо көрсөтөөрүн айтты.

Мындай маанилүү иш-чара университетте китеп окуу адатын жайылтуу максатында салт катары уланып келет.

# Москваны багынткан баткендик скульптор

*“Өткөндөр даңкталмайын, тирүүлөр баркталбайт” деген сөз бар эмеспи. Каарманыбыз Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө салым кошкон, эмгеги сиңген инсандардын элестери түбөлүк сакталып калса дейт. Алдыда кыргыз маданиятына өзгөчө салым кошкон скульптор жана сүрөтчү, Баткен облустук сүрөтчүлөр союзунун төрагасы, маданияттын мыкты кызматкери Айдарали Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышабыз.*



ХАФИЗА СЫДЫКОВА

**Тоо койнундагы балалык**

Мен 1961-жылдын 10-октябрында Баткен районунун Бужум айылында койчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келгем. Сегиз бир туугандын экинчисимин. Балалыгым жайлоолордо, тоо-ташта өттү десем болот. Атам колхоздун койлорун бакчу. Апам түркүн түстөгү жиптер менен кооз оймо-чиймелер түшүрүлгөн жаздык-балыштарды жасап, көшөгө, шыптык, туш кийиздерге сайма сайып, түрдүү көчөттөр салынган килемдерди токучу. Апамдын жанынан чыкпай, ошол кооздуктарды кездемеге, кийиздерге, килемдерге түшүрүүгө көмөктөшчүмүн. Сүрөтчү болуп калыптануума апамдын таасири өтө чоң болду. Мектеп гезитине көптөгөн сүрөттөрдү тартып, конкурстарга да катышып жүрдүм.

Ошондой эле, биздин өлкөнүн жаратылышы: тоолору, жайлоолору, тунук суулары, шаркыраган дарыяларынын кулпурган сулуулугу абдан суктандырып, мага чоң таасир этчү эле. Атам менен жүрүп көргөн аска беттериндеги байыркы петроглифтер, таштарга чегилген тоо теке, аркар-кулжалардын сүрөттөрү мага өзгөчө таасир берчү. Мен ошол таштарга өз заманымдын адамдарын, алардын турмушун чагылдырган элестерди калтыргым келчү.

**Кесиптик жолдун башталышы**

1978-жылы Бужум орто мектебин бүтүрүп, Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайына (ФХУ) тапшырдым. Бирок, бул окуу жайга кабыл алуу 1 ай мурда эле бүтүп калган экен. Кайрадан айылга баруудан намыстанып, шаарда калууну чечтим. Июль айларында скульптор Т.Садыковдун көркөм сүрөт өнөрканасында иштеп калдым. Эки жыл ал кишиге шакирт болуп, айкел жасоонун көптөгөн сырларын үйрөндүм, такшалдым. Бул мен үчүн өтө чоң сыймык болгон. Ошентип, 1980-жылы С.А.Чуйков атындагы (КГХУ) көркөм сүрөт окуу жайына тапшырдым. Окуп жүрүп 2 жыл Советтик Армиянын катарында кызмат өтөдүм. Ушул окуу жайды 1986-жылы аяктап, өзүм туулуп өскөн Баткенге келип, райондук көркөм-сүрөт өнөрканасында эмгек жолумду баштагам.

**Чет өлкөдөгү тажрыйба**

2000-жылы элдин турмуш-шарты оорлой баштаган эле. Мен дагы үй-бүлө багуу үчүн Москвага жөнөдүм. Алгач көчө шыпырып иштеп жүрдүм. Ошол кезде “Белое солнце пустыни” фильминин каарманы, Саиддин ролун жараткан орустун улуу актеру Спартак Мишулин менен таанышып калдым. Ал менин сүрөтчү экенимди билгенден кийин Москвадагы “Эрмитаж” театрына сүрөтчү-бутафор кылып орноштурду. Ал жерде 4 жыл эмгектендим. Көптөгөн спектаклдер коюлду, аларды кооздоого катыштым. Ошол мезгилде, Москвадагы Чоң театрда коюлган режиссёр Андрис Лиенанын “Синий Бог” операсын көркөмдөп кооздоого катышканмын. 2006-жылдан тарта проекттер менен иштеп калганда, “Тануки”, “Бенвенутто”, “Ши”, “Ёрш”, “Ёлки-палки” аттуу ресторандарды кооздоодо башкы сүрөтчү болуп иштедим.

**Мээримге толгон алгачкы эмгек**

Баткендин Туура-Таш жайлоосунда Курманбек баатырдын элесин ташка чегип түшүргөм. Ошол мезгилде 5-6-класстын окуучусу болсом керек, бул менин алгачкы эмгегим эле. Көргөн малчылыр азыр да турат деп айтып калышат. Андан сырткары 8-класста окуп жүргөндө “Эне” аттуу айкел жасагам.

Эл алдына алып чыккан алгачкы эмгегим “Мээрим” деп аталат. Анда эне менен баланын бири-бирине болгон түбөлүк сүйүүсүн чагылдыргым келген. Бул эмгегим азыр Баткен шаарында турат.

**Эл аралык долбоорлор**

2008-жылы Москва шаарындагы эл аралык аэропортунун ички залына “Ганеш” деген индия скульптурасын жасагам.











Ал эмгегим менен сыймыктанам. Ошол жылдары реклама тармагында да иштедим. “Кит-кат” шоколадына жолборстун айкелин жасагам. Көрсөңөр керек, уурулар алтын уурдаганы келишип, шоколад жеп жаткан жолборстон коркуп кетишет.

**“Эл мыктыларынын элеси түбөлүк калуусун эңсейм...”**

Учурда БатМУда “Айгүл-Тоо” тарыхый маданий-музейинде сүрөтчү болуп иштеймин. Кээде живопись менен да шугулданам. Андан сырткары жыгач уста, темир устачылык өнөрүм бар.

Учурда портрет жагына көбүрөөк басым жасап жатам. Баткен облусунун түптөлүшүнө, анын турмушуна, маданиятына салымын кошуп, элге эмгеги сиңген инсандардын элестери унутулбасын деп, алардын портреттерин жасадым. Антпесек келечек муун бул инсандар тууралуу билбей калат деп коркомун. Искак Разаков, Жусуп Абдырахманов сыяктуу мекенге күйгөн, түптөлүшүнө зор салым кошкон чыгаандарыбыздын элеси түбөлүк калуусун эңсейм.

Эмгектерим Г.Айтиев атындагы Кыргыз Мамлекеттик көркөм сүрөт музейинде жана Дубовый парктагы музейге көргөзмөгө коюлуп турат.

**Шакирттерим жана кесиптин келечеги тууралуу**

Окуучум Пазылов Дастан Астана шаарына Манастын эстелигин койду. Скульптор Калматов Абдисапар, керамик Жороев Нурлан сыяктуу көптөгөн окуучуларым бар. Алар менен сыймыктанам. Бул кесиптин келечеги алдыда деп ойлоймун. Себеби, Европанын көпчүлүк шаарларына кооз айкелдер көрк берип турат. Ал эми биздин Кыргызстанда андайлар аз санда. Скульптурага кызыккан жаштарга чыгармачылык ийгилик каалайм. Аларга айтарым, ар дайым изденип, замандан артта калбоо керек. Себеби, өмүр өтүп кетет.

**Сүрөтчүлөр союзу түптөлдү**

Көп жыл тиричиликтин артынан миграцияда жүрүп калдым. Анан өз жериме келип чыгармачылык ишимди улантайын деп ниет кылдым. Баткендин сүрөтчүлөрүнүн бири да Сүрөтчүлөр союзуна мүчө болушпаптыр. Сүрөтчүлөр союзу Кыргызстандын 7 облусунан бир гана Баткенде түзүлбөптүр. Анан алымдын жетишинче облустун ар кайсы жерлериндеги сүрөтчүлөрдү топтоп Сүрөтчүлөр союзун түзүүнү сунуштадым. 2022-жылы 4-ноябрында Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзуна мүчө болуп кабыл алындык. Баткен облусунун Сүрөтчүлөр союзу түптөлдү. Ага 10 суретчү катталды. Элеттик сүрөтчүлөрдү колдоодо КР Суретчөлөр союзунун төрагасы Ж.Жунушев зор салымын кошту. Муну баса белгилеп кетпесем болбойт.

**“Сүрөт музейин ачсам дейм...”**

Менин азыр бирден-бир максатым - Баткен облустук көркөм сүрөт музейин ачуу. Жаштарды тарбиялоодо сүрөт маданияты боюнча артта калбашыбыз керек. Президентибиз да Кыргызстан Баткенден башталат деп айтып өттү. Азыр облуста сүрөт искусствосун, этно-музей, тарых музейлерин түптөө зарылчылыгы жаралып турат. Баткен элинин маданиятын көтөрүү менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнө аз да болсо салым кошсом деген максатым бар!







# Кампустан кадрлар

Өмер Куфреви


• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili. Prof. Dr. Almaz İbrayev - Биринчи проректор саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев

• Genel Yayın Yönetmeni

Doç. Dr. Uğur Ünal, Доц. Докт., Угур Унал

• Yayın Koordinatörü

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ара окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу

Doç. Dr. Erdoğan Akman-Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан

Doç. Dr. Gülzada Stanaliyeva – Доц. докт. Гүлзада Станалиева

• Editör-редакторлор

Yrd. Doç. Dr. Topçugül Narmamatova - Доц. м.а. докт. Топчугүл Нармаматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

• Editör Yardımcıları-Редактордун орун басары

Gülnazira İsmail Kızı - Гүлназира Исмаил кызы

• Gazete Tasarımı-дизайн

Ravşan Abdullayev

• Muhabirler-корреспонденттер

Анара Гулбаева - Anara Gulbaeva

Салтанат Туратбекова - Saltanat Turatbekova

Айзада Жунузалы кызы - Ayzada Cunuzalı kızı

Марлен Корошов - Marlen Koroşov

Сезим Муканбет кызы - Sezim Mukanbet kızı

Жылдыз Муратбекова – Cıldız Muratbekova

Хафиза Сыдыкова – Hafiza Sıdıkova

Nisa Nur Kesik - Ниса Нур Кесик

Hatice Elçim Salık – Хатиже Элчим Салык

• Yazışma Bilgileri

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164